| “БЕКИТЕМИН” | “МАКУЛДАШЫЛДЫ” | “МАКУЛДАШЫЛДЫ” |
| --- | --- | --- |
| Ош МУнун ректору, | Ош МУнун кесиптик | Студенттик коомчулук менен |
| ф.-м.и.д профессор | бирлигинин төрагасы | иштөө боюнча проректору, |
| К.Г. Кожобеков | б.и.к., доцент А.Саттаров | ф-м.и.к.,доцент Ж.Артыкова |
| ________________ | ________________ | ________________ |
| « » ______ 2022-ж. | «06» ____10____ 2022-ж. | «06» ____10____ 2022-ж. |

**Ош мамлекеттик университетинин факультеттер, коллеждер, лицейлер аралык окутуу–профессорлор жана кызматкерлер ортосунда өткөрүлүүчү спартакиадасынын**

# РЕГЛАМЕНТИ

## 1. *Мелдештин максаты жана милдети*

1.1. профессордук-окутуучулук курамдын ден соолугун чыңдоого, дене тарбияны жана спортту даңазалоого үндөө;

1.2. профессордук-окутуучулук курамдын ортосундагы достук мамилелерди жана ынтымакты бекемдөө;

1.3. профессордук-окутуучулук курамдын арасынан ОшМУнун курама командаларына мыкты спорт ышкыбоздорун аныктап алуу.

1.4. Эң мыкты спорттук жамаатты аныктоо, сыйлоо.

## 2. *Мелдешти өткөрүүнү жетектөө*

2.1. Ош МУнун ректораты жана “Университет” спорт клубу;

2.2. Дене тарбиянын физологиясы теориясы жана методикасы кафедрасы, Спорттук жана улуттук оюндар кафедрасы жана №1, №2 -факультеттер аралык дене тарбия кафедралары;

2.3. Спорттун түрлөрү боюнча жалпы калыстар тобуна жүктөлөт.

## 3. *Мелдештин катышуучулары*

3.1. Спартакиаданын катышуучулары жаш өзгөчөлүктөрүнө карата 40 жашка чейин жана 40 жаштан жогоркуу категорияларга бөлүнүп,ойнойт

3.2. ОшМУнун факультеттериндеги, колледждериндеги жана мектеп лицейлериндеги эмгектенген дене тарбия адистери, спартакиадага катышпайт. Калыстык кылуу жана уюштуруу маселелеринде кызмат кылат.

3.3. ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы жана көмөкчү кызматкерлери.

3.4. Окутуучунун быйылкы жылкы окуу жүктөмү 0.50 ставкадан кем болбошу керек;

3.5. Окутуучулар азыркы учурда өзүнүн эмгектенип жаткан факультетинин командасына гана ойной алат;

3.6. Мандаттык комиссияга окутуучу паспорту жана эмгек китепчесинин көчүрмөсү менен келүүсү зарыл.

3.7. Эгерде окутуучу кош дипломдуу болуп, анын бүрөөсү дене-тарбия багытында адис болуп эсептелсе, бирок дене тарбия тармагында иштебесе ал ойноого акылуу.

## 4. *Мелдешти өткөрүү мөөнөтү жана орду*

4.1 Мелдеш 2022-жылдын 21-октябрдан 10-декабрга чейин өткөрүлөт;

4.2. Мелдештин ачылышы: 2022-жылдын 21-октябрь күнү саат 15:00 дө ОшМУнун педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин спорт комплексинде өткөрүлөт.

4.3 Спорттук оюндар төмөндө көрсөтүлгөн график боюнча өткөрүлөт. Мелдештин жыйынтыгы, жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи 10-декабрь күнү **ден-соолук комплекси** мелдешинен кийин ОшМУнун ЮРфак спорт залында өткөрүлөт.

**Мелдештин графиги:**

| № | Спорттун түрү | Убактысы | Өтүлүү жайы | Калыстар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Волейбол (агайлар) до 40 40+ | 21.10.2022-ж. 22.10.2022-ж. | ***Педфактын спорт комплекси*** Башталышы саат – 10:00 Биофак, Педфак, ЮРфак спорт залдарында | ***Башкы калыс*** – Атабаев. А. ***Мүчолору*** –Капаров.А. Таайлайбек уулу О.Даминов Т. Адишов М.Өмүрали уулу А. 0555 20 88 25 |
| 2. | Волейбол (эжекелер) до40 40+ | 28.10.2022-ж. 29.10.2022-ж. | ***Педфактын спорт комплекси*** Башталышы саат – 10:00 Биофак, Педфак, ЮРфак спорт залдарында | ***Башкы калыс*** – Тайирбек уулу Э ***Мүчөлөрү*** – Уланбек уулу К, Ысмаилова. Н. Алимбекова. А Турдуматова Г. 0772 62 02 11 |
| 3. | Кичи футбол до40 40+ | 04.11.2022-ж 05.11.2022-ж | Биофактын футбол аянтчасы. Юрфактын футбол аянтасы | ***Башкы калыс-*** Сабиров С ***Мүчөлөрү*** – Тыныбеков Т. Сулайманов А. Эркебаев А.Мухтарали уул У. Айткулов Ж. |
| 4. | Баскетбол (эжекелер) до40 40+ | 11.11.2022-ж. | ***Биофактын спорт комплекси*** Башталышы саат – 10:00 | ***Башкы калыс-*** Мазитов Руслан ***Мүчөлөрү*** – Турдуматова Г. Дүйшөналы кызы К. 0770 59 50 29 |
| 5. | Баскетбол (агайлар) до40 40+ | 12.11.2022-ж. | ***Биофактын спорт комплекси*** Башталышы саат – 10:00 | ***Башкы калыс-*** Мазитов Р. ***Мүчөлөрү*** – Кудайбердиев О. Жоомарт уулу Ж. Кулуев Б. 0770 59 50 29 |
| 6. | Стол тенниси до40 40+ | 18.11.2022-ж. (эжекелер) 19.11.2022-ж. (агайлар) | ***Биофактын спорт залы*** Башталышы саат – 10:00 | ***Башкы калыс-*** Ш. Тойчуев ***Мүчөлөрү-*** Н. Зарылбек уулу, 0772 78 88 41 |
| 7. | Тогуз коргоол | 25.11.2022-ж. (эжекелер) 26.11.2022-ж (агайлар) | ***Педфактын 221-аудитория.*** Башталышы саат –10:00 | ***Башкы калыс -*** Г. Мурзакаримова ***Мүчөлөрү -*** Дуйшонкул уулу. А. Окен уулу Ш 0778 02 26 44 |
| 8. | Шахмат | 02.12.2022-ж. (эжекелер) 03.12.2022-ж (агайлар) | ***Педфак 221- аудитория*** Башталышы саат – 10:00 | ***Башкы калыс*** –Исраилов . Н ***Мүчөлөрү*** – Ы. Алдашүкүров 0550 323832 |
| 9. | Ден-соолук комплекси(таяк тартыш, гир көтөрү, аркан тартмай) | 10.12.2022-ж | **Юрфактын спорт залында** | ***Башкы калыс-*** *Канат уулу Өмүр.* ***Мүчөлөрү*** – Капаров А. Тыныбеков Т. Ботобеков М. Токтомушов А. |

## 5. ***Спорттун түрлөрү боюнча мелдешти өткөрүү тартиби***

**Волейбол**

Командалардын келишине жараша оюндун тартиби такталат. Эгерде 6 жана андан көп команда келсе башкы калыстын чечими менен тайпаларга бөлүнөт. Эгерде мелдешке келген жалпы командалардын саны 5 тен төмөн болсо бардык командалар айлампа түрүндө беттешет. Ар бир оюн 3 партия биринчи эки партия 25 эсеп менен 3-партия 15 эсеби менен жыйынтыкталат;

Тайпалык оюндарда упайлар төмөнкүдөй тартипте берилет жана анын жыйынтыктары жалпы командалык орундарды аныктайт:

1. 3:0 уткан команда – 3 упай, ушундай эле эсеп менен утулган команда 0 упай алат.
2. 2:1 эсебинде уткан командага –2 упай, ушундай эле эсеп менен утулган командага – 1 упай берилет.
3. Командалардагы упайлар тең чыккан учурда, бардык беттештердеги партиялардын уткан жана утулган айырмасы каралат;
4. Тайпадан канча команда жана тайпалык оюндар бүткөн соң кайсы системада оюндардын жүрүшү (крест),(стык) башкы калыстын чечимине жараша оюндар жыйынтыкталат.

Финалдык оюндар 3 партиялык оюндар менен жыйынтыкталат;

Мелдеш КРнын волейбол федерациясы колдонуп жүргөн эрежелери менен өткорүлөт.

**Баскетбол**

Командалардын курамы 10 оюнчудан болуп, оюн талаасына 5 оюнчу чыгат.

Оюндун мөөнөтү 2 таймдан 7 минута таза оюн убакыт берилет. Оюндар тең чыгуу менен аяктаса кошумча 3 минута берилет. Оюндун жүрүшүндө алмашуулар чектелбейт, жеңүүчү командага 2(эки) упай, утулууга 1(бир) упай берилип тайпадагы орундар топтогон упайлары менен аныкталат. Эгерде 3 же андан коп командаларда топтогон упайлар бирдей болуп чыкса, анда:

1. Ошол командалардын ортосундагы беттештеги топтордун айрымасы;
2. Бардык беттештердеги топтордун айырмасы.
3. Тайпадан канча команда жана тайпалык оюндар бүткөн соң кайсы системада оюндардын жүрүшү (крест),(стык) башкы калыстын чечимине жараша оюндар жыйынтыкталат.

Финалдык оюндар 3 партиялык оюндар менен жыйынтыкталат;

Мелдеш КРнын баскетбол федерациясы колдонуп жүргөн эрежелери менен өткөрүлөт.

**Шахмат**

Командалык орундар тандап алуу жана финалдык баскычтарда баардык катышуучулардын оюндардагы топтогонупайлары менен аныкталат.

Эгерде командаларда топтогон упайлар бирдей болуп чыкса, анда:

1. эки команданын беттеши каралат;
2. 1-чи жана 2-чи доскадагы оюндун жүрүшүндөгү жыйынтыктар каралат.

Ар бир оюнчу партияга 1 саат убакыт гана ээ болот.

Командалардын өтүнүчүндө берилген 1чи жана 2 чи доскалар боюнча оюнчулардын жайгашуусу (ростановка) мелдеш бүткөнгө чейин алмашууга болбойт.

**Тогуз коргоол**

Мелдеш Тогуз коргол кодексине ылайык курама жааттын өкүлдөрүнүн топтогон упайларына ылайык өткөрүлөт.

Катышуучулар Тогуз коргол кодексине ылайык бирдей формада болуусу зарыл.

**Стол тенниси**

Ар бир командадан 2 эркек, 2 кыз оюнчу катышат, ар бир команданын беттешүүсү 5 партия менен жыйынтыкталат.

Эгерде 2 команданын оюнунун жыйынтыгы бирдей болуп калса 2ден шерик (парный) болуп оюнду жыйынтыктайт.

1. Уткан командага 2 упай утулган командага 1 упай оюнга келбей же катышпай койгон командага 0 деген упай берилет.

2. 1- ракетка жана 2- ракетка оюндун акырына чейин мелдешти алмашпай ойноп бүтүрүшөт.
Эгерде эки команданын топтогон упайлар бирдей болуп чыкса, анда:

1. Эки команданын беттеши каралат;

Эгерде үч же андан ашуун командалардын топтогон упайлары бирдей болуп чыкса, анда кайсыл бир командага артыкчылык мелдештин эрежелери боюнча аныкталып берилет.

Командалардын өтүнүчүндө берилген ракеткалардын жайгашуусу (ростановка) мелдеш бүткөнгө чейин алмашууга болбойт.

**Ден соолук комплекси мелдеши**

1 .Таяк тартыш боюнча ар бир факультеттен (агай, эжеке) бирден спортчу катыша атат

2. Аркан тартыш боюнчаар бир факультеттен (агай, эжеке) 5тен адам катыша алат

3. Гир көтөрүү боюнча ар бир факультеттен (агай, эжеке) бирден спортчу катыша алат

Ден соолук комплекси мелдеши боюнча ар бир спорт түрүнө упайларды берүү менен командалык орундар аныкталат.

## 7. *Наразычылык (протест) жазуу*

Нааразычылык жазган команда калыстар тобуна оюн бүткөндөн кийин 1 сааттын ичинде жазуусу зарыл. Нааразычылык жазган команданын кайрылуусу 100 сом өлчөмдө төлөм төлөгөндөн кийин калыстар тобу тарабынан каралат. Эгерде наразычылык канааттандырылса төлөм суммасы командага кайтарылат, канааттандырылбаса төлөм мелдештин фондуна которулат.

## 8. *Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана сыйлоо*

8.1. Спартакиадада жалпы командалык жыйынтыкта спорттунтүрлөрү боюнча эң аз упай топтогон команда жеңүүчү болуп табылат.

8.2. Спорттун түрлөрү боюнча 1 – орунду ээлеген команда 1 упайга, 2-орунду ээлеген команда 2-упайга, 3-орунду ээлеген команда 3 упай ээ болуп жана андан кийинки орундарды ээлеген командаларга да ушундай тартипте упайлар ыйгарылат.

8.3. Кайсыл бир спорттун түрүнө командасы катышпаган факультет айып упайын алат.

8.4. Сыйлоо:Жеңүүчү спортчулар жана командалар ОшМУнун тиешелүү 1-2-3-даражадагы дипломдору жана акчалай сыйлыктар менен сыйланат жана ОшМУнун спартакиадасынын жеңүүчүсү өтмө кубогуна ээ болот.

## 9.*Өтүнүч (заявка)тапшыруу мөөнөтү, жазуу үлгүсү*

*Ош мамлекеттик университетинин факултеттер аралык* профессордук-окутуучулук *курамдын ортосунда өткөрүлүүчү спартакиадасына катышуу үчүн спорттун* __________________*түрү боюнча* _______________*факультетинин курама командасынын*

Өтүнүчү

| № | Ф.И.О | Туулган жылы | Иштеген кафедрасы | Быйылкы окуу жүктөмү | Врачтын колу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |

Окуу жайдын жетекчиси ________________________________________

Команданын капитаны ________________________________________

Врачтын колу ________________________________________

**10.** ***Өтүнүч тапшыруу мөөнөтү:* Командалардын өтүнүчү мелдешке чейин ар бир спорт түрлөрү боюнча бекитилген башкы калыстарга тапшыруу зарыл.**

***Эскертүү: Ар бир факультеттин мелдешке катышуучу командалары бирдей түстүү спорттук формада катышуусу милдеттүү. Ар бир команда стол тенниси боюнча өздөрү ракеткасы менен келүүсү керек.***

**Мелдештин башкы калысы: Кулуев Б.М.**

**тел.номери: 0557 77 77 11**